«Ынтымак»

Сөзү: Асанбекова Лариса Шейшеналиевна

Обону: Осмонов Майрамбек

Кыргыз жерин теңирим кооз жаратты
Кыргыз эне төрөгөн шер Манасты
Урпактары кыргыз Манас бабанын
Алга карай каксын талбай канатты

Биримдикти кимдер даап ким жеңген
Байлык менен бакыт кетпейт ал элден
Эл жер үчүн ынтымакты сактайлы
Баалайлычы бул жашоону, барктайлычы бул жашоону бир келген.

Асыл эне Курманжандай даткалар,
Сыймык болуп элибизде даңкталаар.
Азыр да бар баатыр кыздар энелер,
Керек кезде жоону көздөй аттанаар.

Биримдикти кимдер даап ким жеңген
Байлык менен бакыт кетпейт ал элден
Эл жер үчүн ынтымакты сактайлы
Баалайлычы бул жашоону, барктайлычы бул жашоону бир келген.

Бирок назик аялзаттын жүрөгү,
Белгилүү го тынчтык күндү сүйөөрү.
Ыймандыкка ынтымакка чакырып,
Биримдикте болсо дейт эл тилеги.

Биримдикти кимдер даап ким жеңген

Байлык менен бакыт кетпейт ал элден

Эл жер үчүн ынтымакты сактайлы

Баалайлычы бул жашоону, барктайлычы бул жашоону бир келген.